# Сагынам

Жымыңдай жанган,

Жылдыздар карай,

Жылмайып эстейм... мм

Эсиңдеби андагы, алдыртан

Карегим карегиңе кадалган мүнөттөрдүн учкундары?!

Куш болуп кетсем дейм,

Учуп жетсем бейм!

(кайырма)

Сагынам сени, оуу, сагынам,

Сарысанаага салдың го

Ай сабырым качты,кантем,

Сары оору басты!

Садагасы, аясаңчы!?

Мен сагынам!

Мен сени сагынам...

Карлыгачтай карааныңды жашырып,

Кайран торгойдун кайгысын ашырып,

Кайда жүрдүң!?

Көңүлүм күүлөнө, тим эле

кептердин канатында каалгып учат,

Капилетер!

Эргүүгө салып учат...

Кадырыңа жетээрмин!

Кадырыңа! эээ

(кайырма)

Жаным, сагынам, ооу, абыдан,

Жароокер көздөрүңдү!

Ай Жадырай күлсөң,

Чиркин жалжылдай түшкөн,

Жамалыңда жылдызыңа мен талпынам!

(кайырма)

Сагынам, оо, баарынан

Асылкеч өзүңдү!

Арзуулар жазам,

Аргамдын ай жогунан!

Аясаң-койсоң өзүң бил!

Мен сагынам... оо

Сагынам!